**Илимдин өнүгүүсүндөгү жаш окумуштуулардын орду жана ишмердүүлүгү**



2026-жылдын 29-майында Алыкул Осмонов атындагы Кыргыз Республикасынын Улуттук китепканасында Кыргыз Республикасынын Президентинин «Улуттук дем — дүйнөлүк бийиктик» уңгужолу Жарлыгын ишке ашыруунун алкагында жаш окумуштуулардын катышуусунда **«Илимдин өнүгүүсүндөгү жаш окумуштуулардын орду жана ишмердүүлүгү»** аттуу тегерек стол өткөрүлдү.

Иш-чара Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат жана жаштар саясаты министрлиги менен Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлиги тарабынан уюштурулуп, жаш окумуштуулардын илимий потенциалын колдоо, алардын илим тармагындагы ордун бекемдөө, илимий кызматташтыкты өнүктүрүү жана тажрыйба алмашуу үчүн аянтча түзүүнү максат кылды.



Кеңешмеге Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик катчысы **Арслан Койчиев**, Маданият, маалымат жана жаштар саясаты министринин биринчи орун басары **Союзбек Надырбеков,** Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министринин орун басары **Бекбосун Борубашов**, ошондой эле мамлекеттик органдардын өкүлдөрү, окумуштуулар, эксперттер, жогорку окуу жайлардын окутуучулары, жаш изилдөөчүлөр жана студенттер катышты.





Иш-чаранын жүрүшүндө өлкөдөгү илимдин учурдагы абалы, жаш илимпоздорду колдоонун механизмдери, илим жана инновацияларды өнүктүрүү, жасалма интеллект доорундагы илимий потенциалды чыңдоо, жаштардын мамлекеттик саясаттагы ролу жана илимий экосистеманы өнүктүрүү маселелери талкууланды. Катышуучулар тарабынан илим тармагындагы актуалдуу көйгөйлөр, жаш изилдөөчүлөрдүн демилгелери жана келечектеги кызматташуу мүмкүнчүлүктөрү боюнча сунуштар айтылып, кеңири суроо-жооп жана пикир алмашуу уюштурулду.






Кеңешменин алкагында Жаш окумуштуулар кеңешинин жаңы курамы шайланып, төрайым болуп Элмира Азисбековна Аламанова, төрайымдын орун басарлары болуп Асылбек Рахманов менен Ильяс Жаныбеков, ал эми катчы болуп Асель Джаилова шайланды.

Өткөрүлгөн кеңешме жаш окумуштуулардын илимий демилгелерин колдоого, алардын кесиптик байланышын кеңейтүүгө жана өлкөнүн илимий потенциалын өнүктүрүүгө багытталган маанилүү диалог аянтчасы болду.